## Диссертациялык кеңештин экспертинин корутундусу

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д 07.23.671 диссертациялык **кеңештин эксперти** тарых илимдеринин доктору, **профессор Айдаркул Каананын** Роза Абдыкулованын диссертациясы боюнча **"Осмон мамлекети менен Орто Азиянын дипломатиялык байланыштары (XIX кылымдын экинчи жарымы-XX кылымдын башы)"** темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүдөгү 07.00.02-Ата мекен тарыхы; 07.00.03-жалпы тарых адистиги боюнча изденүүчү тарабынан жазылган диссертациянын кол жазмасын карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**.

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Иште 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистигинин паспортуна толук жооп берүүчү Осмон мамлекети менен Орто Азиянын дипломатиялык байланыштарына изилдөө архив материалдарынын негизинде жүргүзүлгөн.

**2. Иштин максаты катары** Изденүүчү тарабынан диссертациялык иштин максаты Орто Азия менен Осмон мамлекетинин байланыштары боюнча архив даректеринин мазмунуна ылайык байланыштардын түрүн, максатын жана мезгилин тактап, аталган доордогу Орто Азиянын тарыхына, асыресе дипломатиялык тарыхына жаңы маалыматтарды киргизүү, архив документтерин тартуу жана XIX-XX кылымдын башындагы Орто Азия тарыхы боюнча жаңы маалыматтарды аталган аймактын илим дүйнөсүнө киргизүүнү көздөйт. Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

1. XIX-XX кылымдын башындагы Осмон мамлекети менен Орто Азия байланышынын тарыхнаамасын талдоого алуу;
2. XIX-XX к. башындагы Осмон мамлекети менен Орто Азиядагы саясий кырдаалга баа берүү;
3. Осмон мамлекетинин тыш өлкөлөргө болгон расмий жазышма түзүлүшүн, эпистолярдык жанрын талдоо;

4. Осмон мамлекети менен Орто Азиянын ортосундагы саясий жана экономикалык байланыштарга анализ жүргүзүү;

5. Осмон мамлекети менен Орто Азия хандыктары мезгили жана Россия империясына караган учурдагы диний жана маданий байланыштарын талдоо;

6. Архив материалдардын негизинде Орто Азия тарыхына, асыресе Кыргызстан тарыхына байланыштуу маалыматтарды илимий изилдөө айлампасына алуу;

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Диссертант изилдөө ишинде Осмон империясынын Орто Азия менен байланышын жаңыча түшүнүп, азыркы талаптарга жараша изилдөөдө, жаңы тарыхый материалдарды илими айлампасына алуу теманын актуалдуулугун арттырат. Ошондуктан диссертациянын темасы абдан актуалдуу жана өз убагында деп корутундулоого болот.

**3. Илимий натыйжалар:**

Иште илимий-теориялык жактан негизделген, тарых илимдеринин өнүгүшү үчүн олуттуу мааниге ээ жаңы илимий натыйжалар келтирилген:

**3.1**. XIX-XX кылымдын башындагы Осмон империясы менен Орто Азиянын байланыштарынын тарыхы кеңири масштабда изилденген;

**3.2.** Изилдөөдө жаңы архивдик булактар, чет элдик эмгектер диссертант тарабынан биринчи жолу илимий айлампага киргизилген;

**3.3.** Иштин теориялык мааниси изилдөөгө алынган маселени жаңы көз караштан карап, тарых илиминдеги илимий теорияны же концепцияны байыткан.

**3.4.** Диссертациялык иш квалификациялык өзгөчөлүктөргө дал келет.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү**

Изилдөөнүн жыйынтыктары кыргыз тарыхнаамасына жана Орто Азиянын тарыхнаамасына белгилүү деңгээлде салым кошо алат. Осмон мамлекети менен Орто Азиянын XIX-XX кылымдын башындагы тарыхы боюнча жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары, берилген сунуштар теориялык жана практикалык жактан баалуу болуп эсептелет.

Илимий иштин негизги жыйынтыктарын илимий эмгектерде, окуу китептерде, окуу-методикалык көрсөтмөлөрдө жана жаңы доордо Орто Азия тарыхын окутууда пайдалануу сунушталат.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна жана диссертацияда коюлган максат, милдеттерди ачууга дал келет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилиндеги резюмелер менен жабдылган.

**6. Эскертүүлөр:**

1. Диссертациянын кол жазмасында бир канча кайталоолор кездешет. Жободо жайгашкан кээ бир бөлүмдөр илимий иштин жаңылыгы бөлүмүнө тиешелүү.
2. Дисертациянын киришүү бөлүмү алты беттен ашпоосу керек.
3. Кыскартуулар бөлүмүн ачыктоолору менен бирге илимий иштин эң артына жайгаштырылуусу керек.

**7. Сунуштар:**

1. Диссертациялык изилдөөдө саясий, экономикалык жана маданий байланыштардын себептерин жана жүрүшүн дагы кененирээк ачыктаса жакшы болот эле.
2. Изилдөөнүн объектиси менен предметин тактоо талап кылынат.
3. 5-бетте, диссертациялык иш демилгелүү иш экенин көргөзбөсө деле болчудай. Экөөнө тең бирдей түшүнүк берилген.
4. Корутундуда Орто Азиядагы хандыктардын Осмон мамлекети менен болгон байланыштарында салыштыруунун жыйынтыгын берүү сунушталат.
5. Диссертациялык иштеги пайдаланылган адабияттарды талапка ылайык ирээтке келтирүү зарыл.

**8. Сунуштамалар:**

1. Жетектөөчү мекеме катары: К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетин
2. Расмий оппоненттер катары: Тарых илимдеринин доктору, профессор Асан Ормушевди жана тарых илимдеринин доктору, доцент Абдалиева Гульзада Кошоевнаны сунуштайм.

**9. Корутунду:**

*1-корутунду.* Абдыкулова Роза Аманбаевна "XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башындагы Осмон мамлекети менен Орто Азиянын дипломатиялык байланыштары" 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 –Жалпы тарых адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга даярдалган диссертациялык иши коюлган талаптарга жооп берет.

*2-корутунду.* Диссертациялык иш илимий-теориялык талаптарга ылайык, тийиштүү адабияттардын жана булактардын негизинде өз алдынча жүргүзүлгөн илимий изилдөө болуп саналат.

*3-корутунду.* XIX-XX к. башындагы Осмон мамлекетинде да, Орто Азия мамлекеттеринде да саясий кырдаал өтө оор абалда болгонун берген.

*4-корутунду.* Архив материалдардын негизинде XIX-XX кылымдын башындагы кыргыздардын тарыхына байланыштуу жаңы маалыматтар алынган.

*5-корутунду.* Диссертант өзүнүн илимий изилдөөсүндө Түркия мамлекетиндеги архив документтерин талдап, андагы Орто Азияга тиешелүү материалдарды алып чыгып, анализдей алган. Аларды XIX-XX кылымдын башындагы Орто Азиянын тарыхынын илим айлампасына киргизе алган.

**10.** Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 07.23.671 диссертациялык кеңешине адистиги боюнча 07.00.02-Ата мекен тарыхы; 07.00.03–жалпы тарых адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн “Осмон мамлекети менен Орто Азиянын дипломатиялык байланыштары (XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башы)” деген темадагы диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперт,**
**тарых илимдеринин доктору,**
**профессор** Айдаркул Каана

**Эксперттин колун тастыктаймын:**
Д. 07.23.671 Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
тарых илимдеринин доктору Карыева А.К.
08.10.2024